**УДК 323.1:93/94**

***Мухаммад Исмаил Каюмогли***
*Аспирант, БГУ*

# АФГАН ЖАНА КЫРГЫЗ ЭЛДЕРИНИН ТАРЫХЫЙ МАМИЛЕЛЕРИ

*Макалада Кыргыз жана Афган элдеринин тарых боюнча маданият, илим-билим, инсандык тармактарда, эки өлкөнүн алдыңкы ойчулдарынын салымы чоң мааниге ээ. Эки калк ар дайым достук жана ынтымак менен, бийик тоолордо бирге жашап келген. Кыргыздардын памир тоосундо жайгасуусу менен “Памир” азаттыкты ыйык туткан “эркин адамдардын” мекенине айланганы Манас эпосунда эскертилип келет.*

Кыргыз жана Афган элдеринин маданий-тарихий мамилелери «Манас» эпосунда эскиртилип келет. Эки калк ар дайым достук жана ынтымак менен, бийик тоолордо бирге жашап келген. Афганистан миң жылдардан бери, Азияда соода-сатык жана ойлор алып берүүсүндө көпүрө катары болгон. Төө кербендери Индиядан Орто Азия жана Кытайга чөлдөр аркылуу ташуусунда жана алмашуусундо Афганистандын Улуу Жибек Жолундо маниси чоң [8, 3].

Кыргыздардын памир тоосундо жайгасуусу менен “Памир” азаттыкты ыйык туткан “эркин адамдардын” мекенине айланды. Репрессиядан качып, баш паанек издегендер да ушул жерге келип, памирлик кыргыздарга кошула беришкен. Элдин мыктылары дал ушундай катаал заманда билинет. Доор алмашып, заман аңтарылып жаткан мезгилде калк ичинен, улуттун укугун коргоп, намысын талашкан мыкты адамдар чыкты. Манастын Афганистанга барышы мындай билинет: [3, 217-233]

Ооганга Манас барышы,
Мына мындай табылган,
Жедигердин шум кабар,
Абдан байкап угуп ал:
Амалайдын сырт жактан,
Опол тоонун батыштан,
Ооганга чектеш катышкан,
Ушул болот Манастын,
Ооганды барып чапканы.

Алар ушундай баш - аламан түшүнүксүз учурда элди багып, үй - жай, мал берип жашоону улантып, каптап келаткан кырсыктан журтун сактап турушту. Ошол үчүн эл алардын ысымдарын бүгүнкү күнгө чейин эскерип, жүрөгүндө сактап келет[3, 23].

Афганистан жана аны калкы Кыргыз калкы менен маамиледе болгон. Мисалы, Сфгымбай Орозбаковдун вариантында Бокмурун атасы Көкөтөй өлгөн учурда жанында болбой Афганистанда жүргөн болот. Муну Бокмурун Манаска салган кеңешинде айтат:

Уч айлык жолго мен барып,
Ооганга кетип мен калып,
Айлыма келген кезимде,
Оо дүйнө атам кетгенде.

Ошондой эле, Манас уулду болуп той бергенде жана ажыга барбак үчүн кандарды чакырып кеңеш кургунда чакырылган коноктордун арасында Афган каны Акун кан да келет [1, 931].

Манас эпосунда Афган жана Кыргыз элдеринин бири – бири менен болгон мамилелери жана кыргыздардын Памир тоолорунда жашагандыктары эскертилет. “Манас” эпосу тууралуу өзгөчө токтоло кетсек. Кыргыз элинин укмуштуу “Манас” эпосу– чексиз кайраттулукту, жоокерлик ар-намысты, Ата Журтту терең сүйүүнү даңктаган чыгарма.  “Манас” эпосу – кыргыз элинин тарыхын гана эмес, анын турмушун, жашоо-тиричилигинин түрдүү жагын: этникалык курамын, чарбасын, күндөлүк тиричилигин, салт-санаасын, адеп-ахлагын, эстетикалык табиятын, жүрүм-турумунун жол-жобосун, адамдык оң-терс сапаттар жөнүндөгү бааларын, айлана-чөйрөгө, жаратылышка карата мамилесин, көз карашын, диндик түшүнүгүн, астрономиялык, географиялык ж.б. билимдерин, элдик поэтикасын жана тилин кеңири арымда чагылдырган нукура эпикалык чыгарма. “Манас” эпосунда баяндалган окуялар эң биринчи иретте кыргыз элинин тарыхынын байыркы доорун сүрөттөйт. “Манас” – муундан муунга, кылымдан кылымга стадиялуу өнүккөн эпос[6, 8]. “Манас” эпосу – кыргыз элинин кеңири белгилүү өзгөчө зор көлөмдүү баатырдык эпосу.

Ал бакта жазуу илими дээрлик жок болгондуктан, Манастын айткан нуска сөздөрү элдин эсинде кээ бири гана төмөндөгүдөй үчкул сөздөрү сакталып калган: [4, 310].

Кар кетпеген Кебез тоо,
Ооганча айтат Памир тоо.
Ошондо кыпчак элибиз,
Батыш жакын ээлеген.
Бадакшан тоону жердеген,
Намысын колдон бербеген.
Ооган деген эл экен,
Оогандын элин башкарган.
Ооганга Манас барышы,
Мына мындай табылган.
Оогандыктын балбаны,
Так ушундай найзасын.
Оогандын элин куткаргын,
Өлбөсүн бекер кырылып.
Миң төөсү, деп угуп,
“кербендин башы Көкчөкөз,
Эки сапар ал мага,
Келип кеткен көзмө-көз” [3, 217-233].

“Ооган” (Афган) деген сөз Манаста – топоним, эпосто кыргыздарга жакын жайгашкан мамлекет, өлкө жана андагы жашаган эл катары кеңири учурайт. Афгандар деп азыркы Афганистандын, же кыргызча Ооган өлкөсү менен анын эли аталат. Эпостун көп окуяларында кеңири баяндалат[5, 141]. Эпостун мазмуну кыргыздардын памирдеги турмушунун баардык тарабын турмуш-тиричилигиндеги майда-бараттан тар-

тып тарыхый тагдырындагы манилүү окуяларга чейин камтыйт. Дал ушул үчүн изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү аны “эл турмушунун энциклопедясы” деп аташат [4, 311].

Көптөгөн кыргыз жазуучулары Афганистандын Памир тоолоруна багыштап өз ырларын жазып келишкен. Мариям Буларкыеванын ырларынан үзүндү: [2, 42].

Кандай жыргал талаачылык, саякат!
Көңүл сергек, жыргал менен таң атат.
Кандай кооз кең Памирдин тоолору,
Кандай кооз өзөндөрү, коолору!
Кандай сыйчыл кең **Памирлик кыргыздар**,
Кандай ачык кимге болсо колдору!
Кандай кенен кең **Памирдин талаасы**,
Кандай жакшы келин-кызы, баласы.
Кандай тунук кең **Памирдин суулары**,
Кандай сонун жылгалардын арасы!

Темага дал келген дагы бир тажик акындарынын ырларынан, төрт саптуу кыргыз жана афган мамилелери жөнүндө баяндалган ырын айта кетсек:

Памир менен Тянь-Шань
Түбөлүккө коңшулаш. [7, 32].

Муну менен бирге, маданият, билим алууга, инсандыкка чакырганын баса белгилеп, эки өлкөнүн алдыңкы ойчулдардын атын атап өтсөк. Жами Нуриддин Абдурахман (1414-1492)- Хорасандагы (Азыркы Афганистан) Иран тилдүү элдердин адабиятынын ири өкүлү болгон. Абдурахман өз доорунун улуу акыны эле болбостон, грамматика, логика, грек жана чыгыш философиясы, табият таануу, математика, астрономия жана башка илим тармактарын да мыкты билген. Жаминин чыгырмачылыгы бардык көркөм жанрларды иштеп чыккандыгы менен өзгөчө мааниге ээ, анын эмгектери Орто Азия –Афганистан адабиятын андан ары өөрчүтүш үчүн баалуу өбөлгө болгон. Кыргыздын алдынкы ойчулдары да (Молдо Кылыч Шамыркан уулу, Ниязали Молдо Эсенгул уулу ж.б.) ушул аты аталган улуу инсандардын китептеринен таалим алып, өз көз караштарын калыптандырып, өз чыгармаларын жаратышкан.

Биз атап өткөн Орто Азиянын маданият очокторунун ойчулдары өз доорунда маданияттын алдынкы ишмерлери катары бай-мартабалуу кишилер болгондугу учүн гана эмес, улуу ачылыштарды жасаганы, баа жеткис илимий эмгектери, көркөм чыгармаларды жаратканы, өлбөс образдарды түзүп, жакшылыкка жана адилеттүүлүккө, чынчылдыкка үндөгөнү, идеалдуу коом жөнүндө ой жүгүртүп, жалпы адамзатка таандык гуманисттик идеалдарды үгүттөшкөнү менен тарыхта унутулгус ардактуу орун ээледи [4, 309].

Афган калкы миң жылдар бою азаттыкты сүйгөн жана эгемендүү мамлекет катары эсептелип, дүйнөлүк илим жана маданиятка баалуу өз салымын кошкон. Ибн Сина Балхи, Абу- Рейхан Аль-Бируни, Мавляна Джалал-ад-Дин Балхи, Закария Рази, Ходжа Абдулла Ансари, Насер Хосроу Балхи, Сайед Джамал-ад-Дин Афгани, Али Шир Навайи, ж. б. көптөгөн аалымдар Афган ааламына жарык дүйнөгө келишип, өздөрүнүн таланттарын көргөзүп келишкен.

***Адабияттар***


1. Акматалиев А. (редактор), “Манас” Сагымбай энциклопедиясы, Бийиктик плюс, Бишкек, 2015, 931-бет.
2. Буларкыева М., “Памир гүлдөрү”, Кыргыз Мамлекеттик Басмасы, Фрунзе, 1961-жылы, 42-бет.
3. Жусуп Мамай (Айтучу), “Манас” Кыргыз элинин тарыхый эпосу, Шинжиан эл басмасы, 2012-жылы, 217-233-бет.
4. “Кыргыз Республикасында гуманитардык билим берүүнү өзгөртүү”, Кыргызстандын эң байыркы мезгилдерден XIX кылымдын соңуна чейинки тарыхы, Прогаммасы, Бишкек- 1998, Б-310.Турал Б., Жаманкулова А., “Рахманкул хан жана анын мезгили”, Бишкек, 2013-жылы, 23-309-бет.
5. “Манас” энциклопедиясы, I том, Бишкек, 1995 жылы, 141-бет.
6. “Манас энциклопедисы”.”Мурас” илимий-пропагандык ишкер долбоору, I том, Бишкек, 1995-жылы, 8-бет.
7. Жусуев С., “Памир авазы”, Кыргызстан басмасы, Фрунзе, 1976-жылы, 32-бет.
8.

جارج آرنی (مترجم: سید محمد یوسف علمی و حبیب الرحمن هاله)
، "افغانستان گذرگاه کشور گشایان"، انتشارات میوند، کابل، 2003، ص 3.